Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы № 157 “Улуттук наркы жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу боюнча 2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программа**

| Катар № | Милдеттер | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Ишке ашыруунун мөөнөттөрү | Каржы булагы (сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Улуттук нарк боюнча мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу** | | | | | |
| 1.1 | Улуттук программаны ишке ашыруу боюнча укуктук-ченемдик актыларды иштеп чыгуу | Улуттук программаны ишке ашыруу боюнча укуктук-ченемдик актылар иштелип чыкты | ММСЖСМ, БИМ, ЮМ | 2023-2024 | Каржы талап кылынбайт |
| 1.2 | 2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны ишке ашыруунун жол картасын түзүп чыгуу | 2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны ишке ашыруунун жол картасы түзүлдү | БИМ, КМУ, КББА | 2022-2023 | Каржы талап кылынбайт |
| 1.3 | “Улуттук нарк күнүн” белгилөө боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын чыгаруу | Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы чыкты | Мамкатчы | 31.12.2022 | Каржы талап кылынбайт |
| 1.4 | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысына | Мамкатчы, ФМ, ЭКМ | 2022-2023 | РБ, донорлор 30 млн. сом |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | катчысынын алдында Улуттук программаны ишке ашыруу жана жайылтуу боюнча мамлекеттик комиссия түзүү | караштуу Улуттук программаларды жана концепцияларды ишке ашыруу боюнча мамлекеттик комиссия түзүлдү | | | (штаттык бирдигине жараша) |
| 1.5 | Улуттук баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу боюнча басма үйүн түзүү | “Улут наркы жана маданияты” жумалык республикалык гезити уюштурулду жана чыгарылды | ММСЖСМ | 2022-2027 | Донорлор 2,5 млн |
| **2. Нарктуу кыргыз жаранын калыптандыруу жана өнүктүрүү** | | | | | |
| 2.1 | Нарктуу кыргыз жаранын калыптандыруу боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, маданий иш-чараларды уюштуруу | Илимий-изилдөө иштери жүргүзүлдү, сценарийлер жазылды, мультфильмдер, даректүү, көркөм фильмдер тартылды, спектаклдер коюлду | БИМ, ММСЖСМ УИА, ЖОЖ, Кыргызфильм, УТРК,ЭлТР, 5-Канал, Пирамида | 2022-2027 | Донорлор 50 млн |
| 2.2 | “Нарктуу кызматчы”, “Нарктуу жетекчи” түшүнүктөрүн киргизүү жана жайылтуу | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматчысынын жүрүм-турум кодекси (этика кодекси) кабыл алынды | Мамкатчы, МО, ММ | 2023 | Каржы талап кылынбайт |
| 2.3 | “Нарктуу жаран – улуттун жүзү” темасында республикалык иш-чараларды өткөрүү | Семинар, лекция-тренингдер, илимий-практикалык конференциялар, форумдар, симпозиумдар өткөрүлдү | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | Жыл сайын | Донорлор 5 млн |
| 2.4 | Үй-бүлөдө, коомдук жайларда, ишканаларда, мекемелерде “нарктуу жүрүм-турумду” киргизүү жана жалпыга жайылтуу | Нарктуу жүрүм-турум маданияты боюнча жоболор иштелип чыгып, жалпыга жайылтылды | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | 2023 | Донорлор 500 000 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2.5 | “Нарктуу коомду куруу” темасы боюнча илимий-изилдөөлөрдү жана калыптандыруу иштерин жүргүзүү | Илимий-изилдөөлөр жана сунуштар иштелип чыкты | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | 2024 | Донорлор 500 000 |
| 2.6 | Коомдук жайлардагы “социалдык маданият” түшүнүгүн илимий негизде талдоо, анын талаптарын аныктоо жана калыптандыруу | Жобо иштелип чыкты жана колдонууга киргизилди | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | 2023-2024 | Донорлор 1 млн |
| 2.7 | Кыргызстанда жашаган этностордун улуттук баалуулуктары чагылдырылган усулдук колдонмолорду чыгаруу жана жайылтуу | Усулдук колдонмолор, китептер чыгарылды жана таратылды, Кыргызстан элдеринин арасындагы менталдык маданиятын сактоо боюнча “тегерек столдор” өткөрүлдү | БИМ, ММСЖСМ | 2023-2027 | Донорлор 10 млн |
| **3. Нарктуу руханий маданиятты сактоо жана өркүндөтүү** | | | | | |
| 3.1 | Кыргыздын нарктуу руханий маданияты түшүнүгүн системалоо, бекемдөө, жайылтуу жана маданий-массалык иштерди жүргүзүү | Изилдөөлөр жүргүзүлүп, маданий-массалык иштер уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ | 2023-2026 | Донорлор 10 млн. (жыл сайын) |
| 3.2 | Шаарларда, облустардын жана райондордун борборлорунда, айылдарда улуттук нарк | Көргөзмөлөр, жарманкелер уюштурулду | БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | Донорлор 7 млн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | маданияты тууралуу көргөзмөлөрдү, жарманкелерди уюштуруу | | | | |
| 3.3 | Нарктуу коомду, куттуу элди чагылдырган прозаларга, ырларга, драмаларга, пьесаларга, сүрөттөргө конкурстарды жарыялоо жана алардын көргөзмөлөрүн уюштуруу | Конкурстар жана көргөзмөлөр өткөрүлдү | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, Донорлор 10 млн |
| 3.4 | Кыргыздын нарктуу руханий маданиятын жалпыга жайылтуу боюнча үгүт иштерин ырааттуу жана ар тараптуу жүргүзүү | ЖМК аркылуу жайылтуу боюнча жаңы телерадио долбоорлор түзүлдү жана аймактарга нарктуулукту таратуу боюнча атайын топтор уюштурулду | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО, УТРК, ЭлТР | 2023-2027 | РБ, Донорлор 3 млн |
| 3.5 | Кыргыздын нарктуу руханий маданияты тууралуу мультфильмдер, көркөм жана даректүү фильмдерди, телесериалдарды тартуу, спектаклдарды коюу | Мультфильмдер, көркөм жана даректүү фильмдер, телесериалдар тартылды | ММСЖСМ, УТРК, ЭлТР | 2023-2027 | РБ, Донорлор 50 млн |
| 3.6 | Билим берүү тармагында кыргыздын нарктуу руханий маданиятын чагылдырган иш-чаралардын системасын | Жоболору иштелип чыкты жана колдонууга киргизилди | БИМ, КАО, УИА | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | иштеп чыгуу | | | | |
| 3.7 | Мектеп мугалимдеринин жана окуучунун моралдык-этикалык кодекстерин иштеп чыгуу жана ар бир мектепте милдеттүү түрдө ишке ашыруу | Кодекстер иштелип чыкты жана ишке ашырылды | БИМ, КББА | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.8 | Мектептерде сабакка кирүү жана сабактан чыгуу убакыттарында коңгуроонун ордуна шаңдуу кыргыз күүлөрүн киргизүү | Коңгуроолор кыргыз күүлөрүнө алмаштырылды | БИМ, КББА | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.9 | Мектепте жуманын башындагы 1-сабакка киреерде жана жуманын акырындагы соңку сабак бүтөрдө Кыргыз Республиканын Гимнин уктуруу | Кыргыз Республиканын Гимнин уктуруу бардык окуу жайларга киргизилди | БИМ, КББА, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.10 | Мектептердин базистик окуу планына “улут наркы” боюнча сабак киргизүү, усулдук иш-чаралардын системасы түзүү | Класстан тышкаркы саат катары “Улут наркы” сабагы киргизилди жана усулдук иш-чаралардын системасы иштелип чыкты | БИМ, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.11 | Мектептердин, | Мекемелердин ички | Мамкатчы, | 2023-2027 | Атайын |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | мекемелердин ички жасалгасына кыргыз бренддеринин үлгүлөрүн киргизүү | жасалгаларына улуттук бренддер кошулду | ММСЖСМ, МО, ЖӨАБО | | эсептерден |
| 3.12 | “Кыргыз маданиятын”, “Кыргыз нарктарын”, “Кыргызстандын элдеринин нарктары менен салттарын” системалуу изилдөө жана басмадан чыгаруу | Системалуу изилдөөлөр жүргүзүлдү жана анын жыйынтыктары басмадан басып чыгарылды | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, УИА, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 5 млн |
| 3.13 | “Кыргыз этнопедагогикасы”, “Кыргыз этнографиясы”, “Кыргыз этнопсихологиясы” аталышындагы изилдөөлөрдү жүргүзүү жана басмадан чыгаруу. | Изилдөөлөр жүргүзүлдү жана анын жыйынтыктары басмадан басып чыгарылды | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, УИА, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 7 млн |
| 3.14 | Кыргыздын бирдиктүү санжырасын түзүп чыгуу | Санжыра китеби жазылды | УИА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 10 млн. сом |
| 3.15 | Кыргыз элинин салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын иденттүүлүккө салуу жана китеп кылып чыгаруу | Кыргыз элинин нарк-насили, каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары бирдейлештирилди жана басмадан чыгарылды | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, УИА, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 10 млн |
| 3.16 | 50 томдон турган улуттук | Жыйнактар басылып чыгарылды | Мамкатчы, | 2023-2027 | Донорлор, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | адабий, маданий, тарыхый баалуулуктардын жыйнактарын чыгаруу | | БИМ, ММСЖСМ, УИА, КББА, ЖОЖ | | атайын эсептер 10 млн |
| 3.17 | Нарктуулукту ааламдашуу жана санариптешүү айдыңына шайкеш келтирүү | Үй-бүлөдө, бала бакчада жана мектептерде кол телефондорун, планшеттерин колдонуунун эрежелери иштелип чыкты жана колдонууга киргизилди | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, УИА, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.18 | Эне тилди сактоо жана өнүктүрүү | Кыргызстанда мамлекеттик тилди бекемдөө жана сүйлөө маданиятын өнүктүрүү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү | Мамкатчы, БИМ, ММСЖСМ, МТТСУК, ККА, УИА, КББА, ЖОЖ | 2023-2027 | РБ, донорлор 2 млн |
| 3.19 | Ар бир этностордун эне тили жана ал тилде түзүлгөн руханий байлыктарды өнүктүрүү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү | Изилдөөлөр жүргүзүлүп, жыйынтыктары басмадан басылып чыгарылды | ММСЖСМ, МТТСУК, УИА, ККА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 5 млн |
| 3.20 | “Тил жана нарктуулук” аталышындагы республикалык иш-чараларды өткөрүү | Мекемелерде, бала бакчаларда, мектептерде жана башка окуу жайларда түрдүү форматтагы иш-чаралар өткөрүлдү | ММСЖСМ, МТТСУК, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | Донорлор, атайын эсептер 8 млн |
| 3.21 | Кыргыздардын улуттук салттарын системага салуу боюнча уюштуруу | Аш-тойлорду улуттук нарктардын негизинде өткөрүүнүн учурга жараша | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | иштерин жүргүзүү | бирдиктүү жобосу иштелип чыкты | Динком, КМДБ | | |
| 3.22 | Нарктуу үй-бүлө институтун бекемдөө жана өнүктүрүү | “Нарктуу үй-бүлө институту” түшүнүгү изилденди, такталды жана аны калыптандыруу иштери жүргүзүлдү | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, Динком, КМДБ | 2023-2027 | РБ, донорлор 10 млн |
| 3.23 | Салттуу үй-бүлө педагогикасын илимий-педагогикалык негизде изилдөө жана калыптандыруу | Изилдөө жана жайылтуу иштери жүргүзүлдү | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, | 2023-2027 | Донорлор 500 000 |
| 3.24 | Чоң ата – чоң эне институтун жандандыруу | Конкурстар, телерадиоберүүлөр, чыгармалар жарыяланды | ММСЖСМ, БИМ, КББА, Динком, КМДБ | 2023-2027 | Донорлор 2 млн |
| 3.25 | Салттуу динди тутуу маданиятын калыптандыруу | Жоболор иштелип чыгып, чечимдер кабыл алынды | Динком, КМДБ | 2023-2027 | Каржы талап кылынбайт |
| 3.26 | Табиятты коргоо жана табият мемен шайкеш жашоо маданиятын калыптандыруу | Табият мыйзамдарын сактоо боюнча атайын иш-чаралар уюштурулду, эл аралык бренд иштелип, колдонууга киргизилди | ММСЖСМ, БИМ, УИА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, донорлор 5 млн |
| 3.27 | Элдик билимдерди сактоо жана өнүктүрүү | Изилдөө жана жайылтуу иштери жүргүзүлдү | ММСЖСМ, БИМ, УИА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 3 млн |
| **4. Нарктуу материалдык маданиятты сактоо жана өркүндөтүү** | | | | | |
| 4.1 | Кыргыздардын жана Кыргызстан элдеринин | Системалуу изилдөө иштери жүргүзүлдү жана жыйынтыктары | ММСЖСМ, МТТСУК, БИМ, | 2023-2027 | РБ, донорлор 3 млн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | материалдык маданиятын бирдейлештирүү боюнча иштерди жүргүзүү | басылып басмадан чыгарылды | УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | | |
| 4.2 | Улуттук тамак-аш маданиятын калыптандыруу | Жоболор, көрсөтмөлөр иштелип чыкты, көргөзмөлөр, конкурстар, илимий-практикалык конференциялар уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, донорлор 1,5 млн |
| 4.3 | Улуттук кийим-кечектерди калыбына келтирүү жана сактоо боюнча иштерди жүргүзүү | Жоболор, көрсөтмөлөр иштелип чыкты, көргөзмөлөр, конкурстар, илимий-практикалык конференциялар уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, донорлор 7 млн |
| 4.4 | Улуттук музыкалык аспаптарды калыбына келтирүү жана сактоо боюнча иштерди жүргүзүү | Жоболор, көрсөтмөлөр иштелип чыкты, көргөзмөлөр, конкурстар, илимий-практикалык конференциялар уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, донорлор 7 млн |
| 4.5 | Улуттук турак-жайларды сактоо жана өнүктүү | Жоболор, көрсөтмөлөр иштелип чыкты, көргөзмөлөр, конкурстар, илимий-практикалык конференциялар уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | РБ, донорлор 5 млн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4.6 | Улуттук оюндарды сактоо жана өнүктүрүү | Жоболор, көрсөтмөлөр иштелип чыкты, көргөзмөлөр, конкурстар, илимий-практикалык конференциялар уюштурулду | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ, МО, ЖӨАБО | 2023-2027 | Донорлор 5 млн.сом |
| 4.7 | Чет жердеги кыргыз жарандарынын улуттук маданиятты сактоосун камсыз кылуу | Усулдук көрсөтмөлөр, иш-чаралар, окуу куралдары, колдонмолор даярдалды жана таратылды | Мамкатчы, ММСЖСМ, БИМ, УИА, ККА, ЖОЖ | 2023-2027 | Донорлор 2 млн |

**Кыскартылган сөздөр:**

Мамкатчы – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы
ЖК – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
Министрлер Кабинети - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети
ЮМ – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги
МО – мамлекеттик органдар
ЖӨАБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
МКСК – Кыргыз Республикасынын Кадр саясаты кызматы
ММТМ – Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги
БИМ – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
ЭСКММ – Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги
УИА – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
ЖОЖ – Жогорку окуу жайлары
КЭА – Кыргызстан элинин ассамблеясы
МТТСУК- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия

УТРК – Улуттук телерадио берүү корпорациясы
Динком – Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы
КР ТИМ – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги
КМАДТ – Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театры
ЖӨАБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
КМДБ – Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы
КББА – Кыргыз билим берүү академиясы

## Улуттук программада колдонулуучу түшүнүктөр жана терминдер

**Адат, үрп-адат** – күндөлүк турмушта аткарылуучу иштин жөнү, улуттун ар бир адамына тиешелүү туруктуу кабыл алынган жана өнөкөткө, көнүмүшкө айланган турмуштук эреже. Көпчүлүк эл үчүн өнөкөт болуп калган күндөлүк жашоодо аткарылып жүргөн эрежелердин тобу. Үрп-адаттар – кылымдар бою кайталанып адат болуп калган туруктуу мүнөздөгү иш-аракеттер, күндөлүк жүрүм-турум этикасы, эрежелери.

**Аш –** негизинен, адамдык ариет жана сооп үчүн өткөрүлгөн. Аш: кара аш жана жылдык аш деп өтөт. Жылдык аш – элдик салт болуп саналат. Ал маркумдун көзү өткөнүнө бир (кээде, бир нече жыл) жыл болгондо, эскерүү жана соопчулук үчүн өткөрүлгөн, аны эстешкен, эскеришкен, куран окуткан. Кара аш – маркумдуу узатуудагы жасалган зыйнат жана ариет. Мунун баары наркка жараша өткөрүлөт.

**Каада –** улуттук этикалык нормалар, жүрүм-турум эрежелеринин системасы, ал күндөлүк жашоодо, эл ичинде, иш-аракеттердин жүрүшүндө көрүнөт. Ал иштин жүрүшүн жана аны ишке ашышын мүнөздөөчү сыпаттык көрүнүш. Аткарылуучу ички эрежелердин системасы мына ошол каадаларды түзүп турат. Каада аткарылып жаткан иштердин көркүн жана анын шаанисин чыгарат.

**Нарк, нарк-насил** – улуттун беделин, ар-намысын туюнткан жалпы улуттук мүнөздөгү менталдык мыйзам, менталдык кодекстер. Нарк – улуттук мыйзам, жазылбаган элдик жашоо кодекстери. Алар улуттун, ар бир адамдын абийирине, ар-намысына, адамдык ариетине негизделген, кылымдар бою сакталып, толукталып отуруп калыптанган, улуттун ар бир мүчөсү тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон, акыл-эстүүлүк менен ар-намыстуулукка таянган байыркы башаттан бери калыптанган элдик мыйзамдар.

**Нарктуу жетекчи** – укуктук-ченемдик актыларды, жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактоо менен бирге, элдик нарктуулукту кармай жана колдоно билген жетекчи.

**Нарктуу жүрүм-турум –** улуу-кичүүгө бирдей мамиле жасаган, үйдө, күндөлүк турмушта жана коомдук жайларда элдик нарктуулук эрежелерин кармана билүү.

**Нарктуу инсан –** кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын билген жана карманган, аны светтик баалуулуктар менен айкалыштыра алган адам.

**Нарктуу коом** – жеке кызыкчылыктан коомдук кызыкчылыкты жогору койгон, мыйзамдардын үстөмдүгү орногон, адеп-абийир элдик кодекстерин карманган коом. Аларды эл башкарган кызматчыларынан тартып, жөнөкөй адамдарына чейин өз турмушунда карманган, туу туткан элдин тобу.

**Нарктуу кызмат адамы** – элдик нарктуулук менен кызматтык эрежелерди айкалыштыра карманган инсан.

**Нарктуу мамиле-** улуудан кичүүгө чейин, күндөлүк турмушта, үйдө жана коомдук жайларда элдик нарктуулук эрежелерин кармана билүү.

**Нарктуу үй-бүлө –** улуттук нарктарды, эрежелерди, элдик мыйзамдарды жашоосунда, бала тарбиялоодо, үй оокатын жана чарбасын жүргүзүүдө, салттуу иш-чараларын өткөргөндө колдонгон, элдик билимдерди билген, үй-бүлө баалуулуктарын туу туткан үй-бүлө.

**Нарктуулук –** өз улутунун баалуулуктарын, анын бүтүндүгүн сактап, элдик мыйзам-эрежелерди билүү жана аны сыйлай билген сапаттык жана сыпаттык белги. Эл үчүн, улут үчүн жана анын ар бир жараны үчүн күрөшө билүү.

**Салт –** жалпы элдик мүнөзгө ээ нормалардын, мыйзамдардын, кодекстерин, эрежелердин системасы. Тактап айтканда, ал “жалпы элдик мүнөздөгү” менталдык эрежелердин системасы, ал өзүнө нарк, каада, элдик үрп-адаттарды камтыйт жана ырым-жырымдар менен коштолуучу, ар бир улут жаранына тиешелүү, белгилүү иш-чаралар. Салттар нарктуу жоболор менен ишке ашат. Ал нарктар өз алдынча каадалар түрүндө ишке ашса, каадалар адатка айланган көрүнүштөр менен коштолот.

**Той –** элдин менталитетине жараша ишке ашырыла турган, негизинен, бата алуу үчүн аткарылган жалпы улуттук иш-чаралар. Той мүнөзүнө жараша: кичи той – жээнтек той, бешик той, тушоо той, сүннөт той, мүчөл той жана чоң той – үйлөнүү тою, мараке тойлор ж.б. бөлүнөт.

**Улуттук бренд** – улуттун материалдык жана руханий дүйнөсүндө анын улуттук эн белгиси катары кабыл алынган, анын өнүгүүсүн жана деңгээлин чагылдырган, башка улуттарга таанытуудагы символикалык белги.

**Үй-бүлө институту** – муундар тарбиясынын очогу болуп, салттуу, нарктуу иш-чараларга көнүктүрүлгөн, улуттук нарктар карманылган, каадалар ишке ашырылган, нарктуу турмуш-тирчиликке урпактарын тарбиялаган, өнөргө, сөзгө, адепке үйрөткөн, нарkка, каадага негизденген элдик академия, элдик мектеп.

**Ырым –** жөрөлгө, ар кандай ишеним. Ырым-жырымдар – элдик жөрөлгөлөр, алар элдин канына диний ишенимдери менен бирге коштолуп, айрым мистикалык түшүнүктөр менен бирге күндөлүк турмушунда бекемделген. Салттуу иш-аракеттерде, каадаларда, адаттарда бул көрүнүш да кадыресе көнүмүш катары сакталып калган.